УДК 378.147:37.013
DOI 10.58649/1694-5344-2025-2-164-166

**МААТКЕРИМОВ Н.О.[1], КАЙДИЕВА Н.К.[2], АЙДАРКУЛ КЫЗЫ К.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**МААТКЕРИМОВ Н.О., КАЙДИЕВА Н.К., АЙДАРКУЛ КЫЗЫ К.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**MAATKERIMOV N.O., KAYDIEVA N.K., AIDARKUL KYZY K.**
KNU J. Balasagyn

ORCID: 0009-0005-5427-9312, SPIN-код: 7894-0121[1]
ORCID: 0000-0002-2110-8454, SPIN-код: 6750-4327 [2]

# БОЛОЧОК БАШТАЛГЫЧ МУГАЛИМИНИН ИЗИЛДӨӨ КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУ

## ФОРМИРОВАНИЕ ИССЛЕДОВАТЕЛЬСКОЙ КОМПЕТЕНТНОСТИ БУДУЩИХ УЧИТЕЛЕЙ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ

## DEVELOPING RESEARCH COMPETENCE OF FUTURE PRIMARY SCHOOL TEACHERS

**Кыскача мүнөздөмө:** Бул макалада башталгыч мугалимдин изилдөө компетенттүүлүгүн калыптандыруунун маңызы, аны өнүктүрүүнүн негизги багыттары жана усулдары каралат. Окутуу процессинде компетенттүүлүк мамиле кылуу жана окуучулардын жекече окуу траекториясын түзүүгө жардам берүү анын өз алдынча билим алуусун камсыз кылууга шарт түзөт. Ушуга байланыштуу болочок башталгыч мугалимдерге жаңы билимди, жаңы интеллектуалдык продуктуну түзүүгө, жаңы көйгөйдү чечүү үчүн натыйжалуу изилдөөгө үйрөтүү проблемасы актуалдуу болуп эсептелет.

**Аннотация:** В статье рассматривается сущность формирования исследовательской компетентности начинающего учителя, основные направления и методы ее развития. Компетентностный подход к процессу обучения и помощь в построении индивидуальных траекторий обучения студентов обеспечат их самостоятельное обучение. В связи с этим актуальна проблема обучения будущих учителей начальных классов созданию новых знаний, новых интеллектуальных продуктов, проведения эффективных исследований в данном направлении.

**Abstract:** The article examines the essence of the formation of research competence of a beginning teacher, the main directions and methods of its development. A competency-based approach to the learning process and assistance in building individual learning trajectories for students will ensure their independent learning. In this regard, the problem of teaching future primary school teachers to create new knowledge, new intellectual products, and conduct effective research to solve new problems is relevant.

**Негизги сөздөр:** болочок мугалим; билим берүү; компетенттүү; изилдөө; калыптандыруу.
**Ключевые слова:** будущий учитель; образование; компетентность; исследование; формирование.
**Keywords:** future teacher; education; competence; research; formation.

**Киришүү.** Башталгыч мектеп мугалими билим берүү процессинде өзүнүн педагогикалык ишмердүүлүгүн илимий негизде жүргүзүүгө тийиш. Азыркы мезгилде билим берүү системасы инновациялык ыкмаларды талап кылгандыктан, болочок мугалимдердин изилдөө компетенттүүлүгүн калыптандыруу чоң мааниге ээ. Мектепте билим алуунун башталышы балага жашоодо жаңы позицияны ээлеп, социалдык маанидеги билим берүү ишмердүүлүгүнө өтүүгө мүмкүндүк берет. Ошол эле учурда кенже мектеп курагындагы балдардын көпчүлүгүндө ийгиликтүү социалдык адаптацияга көмөктөшүүчү маанилүү социалдык сапаттарды калыптандыруу үчүн өбөлгөлөр түзүлөт [4].

Изилдөө компетенттүүлүгү мугалимдин кесиптик өсүшүнө өбөлгө түзүп, окуучуларга заманбап билим берүүнү камсыз

кылат. Жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандартында бүтүрүүчүнүн универсалдык жана кесиптик компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу талабы коюлган. Компетенттүүлүктүн маңызын, ролун изилдөөгө чет элдик жана ата-мекендик окумуштуулар Т.А. Абдрахманов, Н.А. Асипова, И.Б. Бекбоев, В. Байденко, Е.Ф. Зеер, И.А. Зимняя, Н.К. Дюшеева, С.К. Калдыбаев, О.Е. Лебедев, В.А. Хуторской ж.б. татыктуу салым кошушкан. Студенттердин компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу алардан тиешелүү актуалдуу материалдарды издөөнү, изилдөөчүлүк менен иш-аракеттерди жүргүзүүнү талап кылат. Булар, ошол эле учурда студенттердин изилдөөчүлүк билгичтиктерин калыптандыруунун негизин түзүшөт [5].

Изилдөөчүлүк компетенттүүлүк «иш-аракет», «изилдөө», «изилдөө иш-аракети» категрияларында көрүнөт, бул түшүнүктөрдү эске алуу максатка ылайыктуу. Изилдөө – илимий билимдин методдору аркылуу педагогикалык процессти уюштурууга чыгармачылык процессти таануу катары аныкталат [2].

Изилдөөчүлүк компетенттүүлүк болчок мугалимдерди изденүүчүлүккө, коюлган проблеманы чечүүдө тиешелүү маалыматтарды издеп табууга, аларды сын көз караш менен иргеп алууга, аларды жалпылаштырып, системалаштыруунун негизинде жаңы билимдерди таап, иштеп чыгууга көнүктүрөт. Мындвн тышкары изилдөө компетенттүүлүгү – бул мугалимдин изилдөө жүргүзүү, маалыматты талдоо жана аны практикага колдонуу жөндөмдүүлүгү. Бул жөндөмдөр мугалимге сабакты сапаттуу уюштурууга, окутуунун натыйжалуу ыкмаларын колдонууга жана билим берүүнүн деңгээлин жогорулатууга жардам берет [7].

Изилдөө компетенттүүлүгү болочок башталгыч мугалимдин билим берүү процессинде илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү, маалыматты талдоо жана натыйжаларды практикага киргизүү жөндөмүн камтыйт. Бул компетенттүүлүк төмөнкү компоненттерден турат:

- **Теориялык билим.** Изилдөө методологиясын билүү жана аны педагогикалык ишмердүүлүктө колдонуу.
- **Методикалык жөндөмдүүлүк.** Изилдөө жүргүзүү ыкмаларын колдонуу.
- **Аналитикалык жөндөм.** Изилдөө жыйынтыктарын талдоо жана жыйынтык чыгаруу.
- **Ишмердүүлүк компетенттүүлүгү.** Изилдөөнүн натыйжаларын билим берүү процессинде колдоно билүү.

Башталгыч мугалимдин изилдөө жөндөмүн өнүктүрүү бир нече багытта жүргүзүлүшү мүмкүн:

1. Жогорку окуу жайында сапаттуу билим берүү. Мында педагогикалык илимдер боюнча негизги билимдерди тереңдетүү жана изилдөө методологиясы боюнча курстарды киргизүү кирет. Мисалы: Окуу программаларга "Илимий изилдөө методдору" сабагын киргизүү жана студенттерди практикалык изилдөөлөргө тартуу керек. Бул студенттердин аналитикалык ой жүгүртүү жөндөмүн өнүктүрүп, практикалык изилдөөлөргө тартылуусуна өбөлгө түзөт. Мындай предмет студенттерге төмөнкүдөй пайда алып келет: Изилдөө маданиятын калыптандыруу – студенттер теорияны практика менен айкалыштырып, эмпирикалык изилдөөлөрдү жүргүзүүгө үйрөнүшөт; Критикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүү – талдоо, гипотезаларды коюу жана далилдөө жөндөмү жогорулайт [6].
2. Практикалык изилдөөлөрдү жүргүзүү. Окуу процессинде эксперименттерди уюштуруу жана сабак учурунда илимий изилдөө элементтерин колдонуу. Студенттерди изилдөө иштерине активдүү тартуу. Мисалы: Мугалим окуучулардын математика боюнча жетишкендиктерин ар кандай окутуу ыкмаларын колдонуп салыштыруу аркылуу изилдей алат.
3. Мугалимдер үчүн усулдук семинарлар жана тренингдер. Илимий-изилдөө ыкмаларын үйрөтүү жана изилдөөлөрдү жүргүзүү боюнча практикалык иш-чаралар. Санариптик куралдар менен иштөөнү үйрөтүү. Мисалы: Мектептерде "Окуучулардын чыгармачыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү" темасында семинарларды өткөрүү.
4. Мугалимдин өз алдынча өнүгүүсү жана илимий иштерге катышуусу. Конференцияларга жана семинарларга катышуу жана илимий макалаларды жазуу жана жарыялоо**.** Курстук жана дипломдук иштер аркылуу изилдөө жүргүзүү көндүмдөрүн бекемдөө. Мисалы: Болочок башталгыч мугалимдер үчүн "Жылдын мыкты изилдөөчү мугалими" сынагын уюштуруу.
5. **Изилдөө маданиятын өркүндөтүү**. Болочок мугалимдерге илимий-изилдөө иштеринин маанисин түшүндүрүү жана маалымат чогултуу, аны талдоо жана

жыйынтык чыгаруу көндүмдөрүн калыптандыруу.

Студенттерге «Башталгыч класстардын окуучуларынын окууга кызыгуусун арттыруунун методдору» темасында изилдөө жүргүзүү тапшырылат. Бул процессте алар төмөнкү этаптарды аткарышат [3]:

- проблеманы аныктоо;
- маалымат чогултуу (сурамжылоо, интервью, байкоо);
- алынган маалыматты талдоо;
- натыйжаларды иштеп чыгуу жана сунуштарды берүү;
- изилдөө жыйынтыктарын практикада колдонуу.

Болочок мугалим үйрөтүү, окутуу, түшүндүрүү, кабарлоо, далилдөө жана башка ушул сыяктуу кесиптик компетенцияларга ээ болушу керек. Бүгүн компетенттүү педагог болуу үчүн сабактын темасына жана мазмунуна гана көңүл бурбастан, окуучулардын даярдыгына жана курактык деңгээлдерине карап иш алып баруу керек. Андан тышкары сабакты өтүүдө жана уюштурууда окутуу технологияларынын бардык арсеналын билүү жана практикалык ишмердүүлүктө колдоно билүү компетенттүү мамиленин негизги көрсөткүчү болот.

**Жыйынтык.** Башталгыч мугалимдин изилдөө компетенттүүлүгүн калыптандыруу билим берүү сапатын жакшыртууда маанилүү роль ойнойт. Мугалимдердин изилдөө жөндөмдөрүн өнүктүрүү аркылуу алардын кесиптик чеберчилиги жогорулап, билим берүү процессинин натыйжалуулугу артат. Ошондуктан, бул багыттагы иштерди системалуу жана үзгүлтүксүз жүргүзүү зарыл.

**Колдонулган адабияттар**


1. Абдрахманов Т.А., Ногаев М.А. Компетентностный подход в современном образовани. – Бишкек, 2011. – 114 с.
2. Дахин А.Н. Педагогика компетентности // Школьные технологии, 2012, №6, с. 67-78.
3. Калдыбаев С.К. Основы научных исследований / С.К. Калдыбаев, Г.Ж. Мунайтпасова, Б.М. Биймурсаева. – Бишкек, 2011, 88 с.
4. Кабылова С.А., Кайдиева Н.К., Таалайбекова Ч.Т. Кенже мектеп окуучулардын маалыматтык-коммуникациялык компетенцияларын калыптандыруунун өзгөчөлүктөрү. Ж. Баласагын ат. КУУнун Жарчысы, 2023, № 2(114), с. 99-103. ISSN 1694-8033 https://elibrary.ru/item.asp?id=54125239
5. Кабылова С.А. Информатиканы окутуунун теориясы жана методикасы курсун окутууда студенттердин изилдөөчүлүк компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун технологиясы: дисс. … канд. пед. наук: 13.00.02. – Бишкек, 2024.
6. Леонтович А.В. Исследовательская деятельность – стержень работы школы // Лицейское и гимназическое образование, 2001, № 6, 14-16-бб.
7. Рассказова Ж.В. Исследовательская компетентность школьников: сущность и структура // Личность, семья и общество: вопросы педагогики и психологии: Сб. ст. по матер. XV междунар. науч.-практ. конф. Ч. I. – Новосибирск: СибАК, 2012.


**Рецензент: к.п.н., доцент Аликова А.М.**